КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 8- сессиясы

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 24-апрель №41 Ново-Вознесеновка айылы**

## Айыл аймактагы алыскы жайыт жерлерден мал багуу үчүн жеңил конструкциядагы курулуштарды курууга уруксат берүү жана анын тарифин бекитүү жөнүндө

“Хан-Теңири-тазалык” муниципалдык ишканасынын жайыт пайдалануучулар бөлүмүнүн айыл аймактагы алыскы жайыт жерлерден мал багууга жеңил конструкциядагы курулуштарды курууга уруксат берүү жана анын тарифин бекитүү жөнүндөгү кайрылуусун карап жана Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 2024-жылдын 15-майындагы № 04-13/152 буйругу менен бекитилген “Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуу тартиби жөнүндөгү” типтүү жобонун 13-пунктуна негиздеп, жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап, жергиликтүү кенеши **токтом кылат :**

1. “Хан-Теңири-тазалык” муниципалдык ишканасынын жайыт пайдалануучулар бөлүмүнүн айыл аймактагы алыскы жайыт жерлерден мал багууга жеңил конструкциядагы курулуштарды курууга уруксат берилсин.
2. Жайыт жерлерден женил конструкциядагы курулуштарды курууга берүүгө байланышкан иштерди жүргүзүү “Хан-Тенири-тазалык” муниципалдык ишканасынын жайыттар бөлүмүнө милдеттендирилсин.
3. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага Т.Узаков**